Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТЕСКЕМЕСИ

“Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 65-беренесине ылайык, ички мамлекеттик жол-жоболорду аткаруу максатында:

1. Эл аралык жарандык авиацияга карата мыйзамсыз актылары менен күрөшүү жөнүндө конвенциясына (2010-жылдын 10-сентябрында Пекинде кол коюлган), Аба кемелерин мыйзамсыз басып алуу менен күрөшүү жөнүндө конвенцияны толуктоочу протоколуна (2010-жылдын 10-сентябрында Пекинде кол коюлган), Аба кемелеринин бортунда жасалган кылмыштар жана башка кээ бир актылар жөнүндө конвенцияны өзгөртүүчү протоколуна (2014-жылдын 4-апрелинде Монреалда кол коюлган) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиркелген корутундусу жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги жогоруда аталган Конвенцияларды жана Протоколдорду ишке ашырууга жоопту ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп аныкталсын.

3. Тиркемедеги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин корутундусу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

Кыргыз Республикасынын Министрлер
Кабинетине караштуу Жарандык
авиация мамлекеттик агенттигинин директору________________Д.К. Бостонов «___»__________2026г.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Эл аралык жарандык авиация чөйрөсүндөгү Конвенцияларга жана Протоколдорго кошулуу жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жактыруу жөнүндө тескемесинин долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Долбоордун максаттары жата милдеттери**

Кыргыз Республикасынын “Эл аралык жарандык авиация чөйрөсүндөгү Конвенцияларга жана Протоколдорго кошулуу жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жактыруу жөнүндө тескемесинин долбоору (мындан ары Долбоору) “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 65-беренесине жана 2016-жылдын 22-сентябрындагы БУУ Коопсуздук Кеңешинин 7775-отурумунда кабыл алынган S/RES/2309 (2016) Резолюциясын, Эл аралык жарандык авиациянын уюмунун Ассамблеясы жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына имплементациялоо зарыл болгон башка эл аралык документтерди аткаруу максатында даярдалды.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Эл аралык жарандык авиацияга карата мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндө конвенциясы (2010-жылдын 10-сентябрында Пекин шаарында кол коюлган – мындан ары Пекин конвенциясы) Пекин конвенциясы 1971-жылдын 23-сентябрында Монреал шаарында кол коюлган “Жарандык авиация коопсуздугуна каршы багытталган мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндөгү Конвенциясын” жана 1988-жылдын 24-февралында Монреал шаарында кол коюлган 1971-жылдын 23-сентябрында Монреал шаарында кол коюлган “Жарандык авиация коопсуздугуна каршы багытталган мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндөгү Конвенциясын толуктоочу “Эл аралык жарандык авиацияны тейлеген аэропорттордогу мыйзамсыз зомбулук аракеттери менен күрөшүү жөнүндөгү Протоколу (Кошумча Протокол)” бекемдейт жана жаңылайт.

Пекин Конвенциясынын негизги жаңылыгы болуп жарандык авиация коопсуздугуна каршы багытталган кылмыштардын кеңейтилген тизмеги аталат. Конвенцияда “мыйзамсыз жана атайын” жасалган кылмыштар катары кабыл алынган актылардын (иш аракеттердин) жаңы түрлөрү бекитилди.

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин сунуштары жана сын-пикирлери боюнча: «Аталган Конвенцияага жана Протоколдорго кошулуу маселесин көрөдүүдөн алдын,

алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайыктуулугун карап анализ жүргүзүү зарыл (Конвенциянын 12-беренесинде кылмышты жасаган адамды башка мамлекетке өткөрүп берүү каралууда)» ушул Негиздеме-маалымкатка Кыргыз Республикасынын позициясы боюнча Конвенцияга кошулуунун оң жактары (же аткаруучу иш-чаралар), кошулгандан кийин кайсы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү (имплементация кылуу) боюнча маалыматты киргизүү зарылдыгы чагылдырылды:

Эл аралык жарандык авиацияга карата мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндө сунушталган Конвенция, 2010-жылдын 10-сентябрында кабыл алынган, эл аралык жарандык авиация чөйрөсүндөгү коркунучтар менен күрөшүү үчүн жазык-укуктук негиздерди бекемдөөгө багытталган, ал кошулган учурда белгиленген чөйрөдөгү мыйзамсыз иш-аракеттерге (аракеттерге) каршы аракеттенүүдө жаңы деңгээлге чыгууга мүмкүндүк берет.

Конвенциянын 1-беренеси менен кылмыш деп таанылуучу иш аракеттер- актысы каралат.

Конвенциянын 8-беренесине ылайык, ар бир катышуучу-мамлекет Конвенцияда каралган кылмыштарга карата өз юрисдикциясын белгилөө үчүн зарыл болгон чараларды көрөт.

Конвенция тарабынан каралган 12-беренеде кылмыш кылган жактарды өткөрүп берүү маселелери каралгандыгын белгилей кетүү зарыл.

Ошондой эле Конвенциянын 10-беренеси болжолдуу кылмышкер анын аймагында турган катышуучу-мамлекет, эгерде ал бул кылмышкерди өткөрүп бербесе, эч кандай өзгөчөлүктөрсүз жана анын аймагында кылмыш жасалгандыгына карабастан, ишти өзүнүн компетенттүү органдарына кылмыштык куугунтуктоо максатында өткөрүп берүүгө милдеттүү экендигин белгилейт. Бул органдар ошол мамлекеттин мыйзамдарына ылайык, олуттуу мүнөздөгү кадимки кылмыштар сыяктуу эле чечим чыгарышат.

Ушуга байланыштуу Конституцияга ылайык КР жараны башка мамлекетке өткөрүп берилиши мүмкүн эместигин эске алуу менен бул Конвенцияга кошулууда КЖК жана КР ЖПК (зарыл болсо) конвенциясынын ченемдерин имплементациялоо маселесин кароо зарыл (кылмыштарды толуктоо бөлүгүндө (Конвенциядан улам).

Ошондой эле Конвенциянын 19-беренесине ылайык, ар бир катышуучу-мамлекет өзүнүн улуттук мыйзамдарына карата Жарандык авиациянын эл аралык уюмунун кеңешине мүмкүн болушунча кечиктирбестен ага тиешелүү төмөнкү бардык маалыматтарды билдирет:
*a*) кылмыш жагдайларынын;
*b*) 16-берененин 2-пунктуна ылайык колдонулган иш аракеттерди (2. 1-*беренеде көрсөтүлгөн кылмыштардын бирин жасоонун натыйжасында учуу кийинкиге калтырылганда же токтотулганда, анын аймагында аба кемеси, жүргүнчүлөр же экипаж болгон кайсы болбосун катышуучу-мамлекет анын жүргүнчүлөрүнө жана экипажына алардын жолун*

*улантууга мүмкүн болушунча тез арада көмөктөшөт жана аба кемесин жана анын жүктөрүн токтоосуз мыйзамдуу ээлерине кайтарып берет);*
*с*) кылмышкерге же болжолдонгон кылмышкерге карата көрүлгөн чаралардын жана атап айтканда, өткөрүп берүү боюнча ар кандай аракеттердин же башка укуктук аракеттердин.

Баяндалгандарды эске алуу менен Конвенцияга кошулгандан кийин жогоруда аталган маселелерди жөнгө салуучу айрым (авиациялык) эрежелерди иштеп чыгуу маселеси каралышы мүмкүн.

Аба кемесин мыйзамсыз басып алуулар менен күрөшүү тууралуу Конвенциясын толуктоочу Протоколу (2010-жылдын 10-сентябрында Пекин шаарында аткарылган мындан ары – Пекин протоколу) Пекин Конвенциясынан айырмаланып, жарандык авиация коопсуздугуна каршы багытталган актылардын тизмегин кеңейтпейт, бирок Гаага Конвенциясы сыяктуу мындай актылардын бирине – аба кемелерин мыйзамсыз басып алууга каршы күрөшүү максатын көздөйт.

Пекин протоколунун жанылыгы катары, кылмыш катары эсептелген аба кемесин мыйзамсыз басып алуу жолдорун толуктоо эсептелет. Андыктан, Пекин протоколуна ылайык, эгерде адам аба кемесин зомбулук жолу менен, зомбулук көрсөтөм деп коркутуу же коркутуунун башка түрү аркылуу гана эмес, ошондой эле ар кандай техникалык каражаттарды колдонуу жолу менен мыйзамсыз басып алса, кылмыш жасады деп эсептелет. Техникалык каражаттарды колдонуу менен байланышкан коркунуч аба кемесинин бортунда түздөн-түз болушу мүмкүн жана болбошу мүмкүн болгон ар кандай жак тарабынан келип чыгышы мүмкүн.

Пекин конвенциясында жана Пекин протоколунда бекитилген маанилүү жобо-бул саясий кылмыш же саясий кылмыш менен байланышкан кылмыш же саясий себептерден улам келип чыккан кылмыш жөнүндө гана берүү же өз ара жардам берүү өтүнүчү четке кагылбайт. Бирок, эгерде мындай берүү ошол адамды расасына, улутуна, туткан динине, саясий көз карашына, этностук тегине байланыштуу соттук куугунтуктоо же жазалоо максатын көздөйт деген олуттуу негиздер бар болсо, өткөрүп берүүдөн баш тартылышы мүмкүн.

Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу аларда каралган кылмыштарды жасоого көмөктөшкөн юридикалык жактардын жоопкерчилигине тиешелүү жоболорду бекиткен (мисалы, каржылоо жолу менен). Ар бир катышуучу-мамлекет өзүнүн ички укугунун принциптерине ылайык өзүнүн аймагында турган же анын мыйзамдары боюнча түзүлгөн юридикалык жакты ушул юридикалык жакты башкарууга же аны көзөмөлдөөгө жооптуу жеке жак тарабынан кылмыш жасаган учурда жоопкерчиликке тартуу үчүн зарыл чараларды көрө алат.

Андыктан, Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу эл аралык коомчулуктун авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн укуктук базаны модернизациялоо боюнча биргелешкен аракеттеринин натыйжасы болуп саналат. Жарандык авиация үчүн жаңы жана келип чыгуучу коркунуч болгон бир катар актыларды, анын ичинде кылмыш жасоого

даярдануу боюнча белгилүү бир аракеттерди кылмыш жазасына тартуу менен, алар мамлекеттердин бул кылмыштардын алдын алуу жана ушул сыяктуу кылмыштарды жасагандарды сот тартибинде куугунтуктоо жана жазалоо маселелеринде потенциалын бекемдейт. Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу ошондой эле Бириккен Улуттар Уюмунун 2006-жылдын 8-сентябрында кабыл алынган глобалдык терроризмге каршы стратегиясын ишке ашырууга көмөктөшөт, анткени алар терроризмге каршы келишимдердин глобалдык режимин бекемдейт.

Конвенцияны өзгөртүүчү аба кемесинин бортунда болгон кылмыштар жана кээ бир актылар тууралуу Протокол (2014-жылдын 4-апрелинде, Монреалда аткарылган – мындан ары Монреаль протоколу).

Аба кемелеринин же анын бортундагы адамдардын же мүлктүн коопсуздугуна коркунуч келтирген аба кемелеринин бортунда тартипсиз жүрүм-турум учурларынын санынын өсүшүнө жана олуттуулугунун жогорулашына байланыштуу, 1963-жылдын 14-сентябрында Токиодо кол коюлган, аба кемелеринин бортунда жасалган кылмыштар жана кээ бир башка актылар жөнүндө конвенцияны өзгөрткөн Протокол иштелип чыккан.

Монреаль протоколу аба кемелериндеги тартипсиз жүрүм-турумга байланыштуу инциденттердин көбөйүшүнө байланыштуу мамлекеттердин тийиштүү кылмыштарга жана актыларга карата юрисдикцияны конуучу мамлекетке жана эксплуатациялоочу мамлекетке жайылтуу мүмкүнчүлүгүн дээрлик кеңейтет. Монреаль протоколу ошондой эле дүйнө жүзү боюнча авиациялык коопсуздук жоболорун бекемдөөгө өбөлгө түзөт, анткени анда борттогу коопсуздук кызматкерлерин жана аларды коргоо чараларын так укуктук таануу камтылган. Өзүнүн а40-28 резолюциясында (С кошуу) жана а40-11 резолюциясында (В кошуу) ИКАО Ассамблеясы муну жасай элек бардык мамлекеттерди ушул Протоколду ратификациялоого/кошулууга чакырат.

### 3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору

Бул долбоорду кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

### 4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат

Бул долбоор жарандардын кызыкчылыгын козгобогондугуна байланыштуу, коомдук талкуунун өткөрүүнү талап кылбайт.

### 5. Долбоордун мыйзамдарга ылайык келишине талдоо жүргүзүү

Берилген долбоор Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдерине карама-каршы келбейт. Андыктан, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин аткаруу үчүн жогоруда аталган конвенцияларга жана протоколдорго кошулуу зарыл.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Бул тескеменин долбоорун кабыл алуу, республикалык бюджеттен кошумча каржы сарптоого алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген долбоор жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетине караштуу**
**Жарандык авиация**
**мамлекеттик агенттигинин**
**директору** **Д.К. Бостонов**

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
«___» ________ 2024-жыл № _____
тескемеси менен бекитилди

**“Эл аралык жарандык авиация чөйрөсүндөгү Конвенцияга жана Протоколдорго кошулуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин**
**КОРУТУНДУСУ**

“Эл аралык жарандык авиация чөйрөсүндөгү Конвенцияга жана Протоколдорго кошулуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин корутундусу эл аралык документтерге кошулууга тиешелүү болгон мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында даярдалды.

Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу авиациялык коопсуздукту камсыздоо үчүн укуктук чектерди жаңылатуу боюнча эл аралык кызматташтыкты бекемдөөдөгү биргелешкен аракеттердин жыйынтыгы болуп эсептелет. Жарандык авиация үчүн жаңы жана келип чыга турган коркунучтарга ошону менен катар кылмыш кылууга даярданууга болгон белгилүү бир аракеттерди кылмыш жазасына тартуу менен мындай кылмыштарды токтотуу жана соттук тартипте мындай кылмышты жасаган жактарга чара көрүү маселелеринде мамлекеттин потенциалын бекемдейт. Ошондой эле, Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу Бириккен Улуттар Уюмунун 2006-жылдын 8-сентябрында кабыл алынган Глобалдык контртеррористтик стратегиясын ишке ашырууга көмөк көрсөтөт, анткени алар терроризмге каршы күрөшүү тууралуу келишимдердин глобалдуу тартибин бекемдейт.

Азыркы учурда, авиациялык коопсуздук кеңири мааниде каралып жатат. Бул аба кемесинин коопсуздугуна же башка жарандык авиация объекттерине каршы жасалган кылмыштарга гана тиешелүү болбостон, башка жарандык авиацияны пайдаланууга байланыштуу кылмыштарга да тиешелүү. Мисалы, аба кемесин адам өмүрүнө, ден-соолугуна, үчүнчү жактын мүлкүнө, айлана-чөйрөгө зыян келтирүү максатында пайдалануу.

Пекин конвенциясынын башкы жаңылануусу жарандык авиациянын коопсуздугуна каршы багытталган кылмыштардын түрлөрүнүн кеңейтилген тизмеси. Конвенцияда “мыйзамсыз жана атайын” жасалган кылмыштар катары таанылган жаңы акттардын (кылмыштардын) түрлөрү бекитилген.

Эл аралык жарандык авиацияга карата мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндө сунушталган Конвенция, 2010-жылдын 10-сентябрында

кабыл алынган, эл аралык жарандык авиация чөйрөсүндөгү коркунучтар менен күрөшүү үчүн жазык-укуктук негиздерди бекемдөөгө багытталган, ал кошулган учурда белгиленген чөйрөдөгү мыйзамсыз иш-аракеттерге (аракеттерге) каршы аракеттенүүдө жаңы деңгээлге чыгууга мүмкүндүк берет.

Конвенциянын 1-беренеси менен кылмыш деп таанылуучу иш аракеттер- актысы каралат.

Конвенциянын 8-беренесине ылайык, ар бир катышуучу-мамлекет Конвенцияда каралган кылмыштарга карата өз юрисдикциясын белгилөө үчүн зарыл болгон чараларды көрөт.

Конвенция тарабынан каралган 12-беренеде кылмыш кылган жактарды өткөрүп берүү маселелери каралгандыгын белгилей кетүү зарыл.

Ошондой эле Конвенциянын 10-беренеси болжолдуу кылмышкер анын аймагында турган катышуучу-мамлекет, эгерде ал бул кылмышкерди өткөрүп бербесе, эч кандай өзгөчөлүктөрсүз жана анын аймагында кылмыш жасалгандыгына карабастан, ишти өзүнүн компетенттүү органдарына кылмыштык куугунтуктоо максатында өткөрүп берүүгө милдеттүү экендигин белгилейт. Бул органдар ошол мамлекеттин мыйзамдарына ылайык, олуттуу мүнөздөгү кадимки кылмыштар сыяктуу эле чечим чыгарышат.

Ушуга байланыштуу Конституцияга ылайык КР жараны башка мамлекетке өткөрүп берилиши мүмкүн эместигин эске алуу менен бул Конвенцияга кошулууда КЖК жана КР ЖПК (зарыл болсо) конвенциясынын ченемдерин имплементациялоо маселесин кароо зарыл (кылмыштарды толуктоо бөлүгүндө (Конвенциядан улам).

Ошондой эле Конвенциянын 19-беренесине ылайык, ар бир катышуучу-мамлекет өзүнүн улуттук мыйзамдарына карата Жарандык авиациянын эл аралык уюмунун кеңешине мүмкүн болушунча кечиктирбестен ага тиешелүү төмөнкү бардык маалыматтарды билдирет:

*a*) кылмыш жагдайларынын;

*b*) 16-берененин 2-пунктуна ылайык колдонулган иш аракеттерди (2. 1-*беренеде көрсөтүлгөн кылмыштардын бирин жасоонун натыйжасында учуу кийинкиге калтырылганда же токтотулганда, анын аймагында аба кемеси, жүргүнчүлөр же экипаж болгон кайсы болбосун катышуучу-мамлекет анын жүргүнчүлөрүнө жана экипажына алардын жолун улантууга мүмкүн болушунча тез арада көмөктөшөт жана аба кемесин жана анын жүктөрүн токтоосуз мыйзамдуу ээлерине кайтарып берет*);

*c*) кылмышкерге же болжолдонгон кылмышкерге карата көрүлгөн чаралардын жана атап айтканда, өткөрүп берүү боюнча ар кандай аракеттердин же башка укуктук аракеттердин.

Баяндалгандарды эске алуу менен Конвенцияга кошулгандан кийин жогоруда аталган маселелерди жөнгө салуучу айрым (авиациялык) эрежелерди иштеп чыгуу маселеси каралышы мүмкүн.

Пекин Протоколунун жаңылануусу катары кылмыш катары эсептелген аба кемесин мыйзамсыз басып алуулардын аткарылган түрлөрүнүн кошумчасы эсептелет.

Пекин конвенциясындагы жана Пекин протоколундагы бекитилген маанилүү жоболордун бири, өткөрүп берүү же өз ара көмөктөшүү тууралуу бир дагы өтүнүч четке чыгарылууга мүмкүн эмес.

Пекин конвенциясындагы жана Пекин протоколундагы бекитилген маанилүү жоболордун бири-бул саясий кылмыш же саясий кылмыш менен байланышкан кылмыш же саясий себептерден улам келип чыккан кылмыш жөнүндө болгон себептер үчүн өткөрүп берүү же өз ара жардам берүү өтүнүчү четке кагылбоого тийиш.

Монреаль протоколу аба кемелериндеги тартипсиз жүрүм-турумга байланыштуу инциденттердин көбөйүшүнө байланыштуу мамлекеттердин тийиштүү кылмыштарга жана актыларга карата юрисдикцияны конуучу мамлекетке жана эксплуатациялоочу мамлекетке жайылтуу мүмкүнчүлүгүн дээрлик кеңейтет. Ошондой эле, Монреаль протоколу дүйнө жүзү боюнча авиациялык коопсуздукту камсыздоо боюнча жоболорду бекемдөөгө көмөк көрсөтөт, анткени ал борттогу коопсуздук кызматкерлеринин жана аларды коргоо чараларын так укуктук таануу камтылган.

Эл аралык жарандык авиация тармагындагы Конвенцияларга жана Протоколдорго кошулуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине шайкеш келет жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген жана мыйзам чегинде күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама каршы келбейт.

"Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдер жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, жарандык авиация тармагындагы Конвенцияга жана Протоколго кошулуу тууралуу сунуш, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кошулуу тууралуу мыйзамдын формасында киргизилет.

Эл аралык жарандык авиация тармагындагы Конвенцияларга жана Протоколдорго кошулуу республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарга, ошондой эле финансы-экономикалык жана башка терс кесепеттерге алып келбейт.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

«___»__________20__ж. КР МК караштуу ЖАМАнын директору ________________Д.К. Бостонов